**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Тема: “Атадан калган туяк”*

*Класс: 5-г*

*Кубанычбек кызы Калия*

*2018-2019 - окуу жылы*

**(Кубынычбек кызы Калия, Бишкек шаарындагы №27 орто жалпы билим берүүчү орто мектебиниин кыргыз тили жана адабияты мугалими.**

Сценарий «Атадан калган туяк»

Класстар: 5-г класстын окуучулары

Күнү: 25.10.18.

Орду: мектептин жыйын залы.

Иш-чаранын максаты:

1. Ч.Айтматовдун «Атадан калган туяк» чыгармасын сахна аркылуу окуучуларга жеткирүү.
2. Окуучулардын театрга болгон кызыгуусун өстүрүү.
3. Балдарды эмгекти сүйүүгө, ак-караны ажырата билүүгө, баатырдыкка тарбиялоо.

Иш-чаранын түрү: сахна-сабак

Иш-чаранын жүрүшү: Ч.Айтматовдун «Атадан калган туяк» чыгармасын 5-г класстын окуучулар аткарышат.

Автор (Айзада): Өз атасын ал бирини жолу кинодон көрдү. Анда ал беш-алты жашта болчу. Бул окуя кыштакта эмес, тоонун арасында кыркымда болду. Совхоздун кыркымы жылына ушул жерде өткөрүлөт. Ушундай күндөрдүн биринде айыоа көчмө машина келип калды. Муну биринчи Авалбек көрдү. Эл уксун деп өпкөсү жарылганча сүйүеүп, кыйкырды:

Авалбек (Элдат): - Элдер! Элдер! Элдер! Бизге кино келди! Кино келди!

Автор: Кино жумуштан кийин башталат. Авалбек кинону күтүп, күн бою бир жерде тынч ала албай, кеч кирбей, апасынын тынчын алды. Жуиуш аяктап, эл кино көрүү үчүн чогула башташты. Авалбек менен апасы артта отуруп калышты. Буга нааразы болгон Авалбек:

Авалбек: - Апа, апа! Алдыга отуралычы?

Апасы (Бегайым): - Кой балам, ушул эле жерде отурабыз. Тынч отуруп кинону көр. Олтургандарга тосколл болбо. Ии, анан да тээтиги жоокерди көрдүңбү? Ошол сенин атаң…

Авалбек: - Жоокерби, менин атам ошолбу?

Апасы: - Ооба, балам. Эми тынч көр.

Автор: Кино да башталды. Чонулган эл кызыгуу менен көрүп отурду. Чын эле экран ичинде жоокердер менен аралашып жүргөндөй эле кээ бирлер унутуп да коюшту.

1-көрүүчү (Мунара): - Оо, Кудай!.. Эми эмне болот болду экен? Абайла…Кудай өзүң сактай көр.

Автор: Аппарат токтоп калды. Олтургандарэки жагын каранып, бир нерсени күтүп калышты. Кашардын ичи электр жарыгы күйгөн үчүн жапжарык болуп калды. Киномеханик экинчи бөлүмдү коюу үчүн жарыкты күйгүзгөн болчу. Бул учурда олтургандар көздөрүн жумуп, күтүүсүз күйгүзүлгөн жарыктан улам эки жагын каранып, согуш дүйнөсүнөн чыккандай болушту. Ушинтип эл эсин жыя электе жаш баланын сүйүеүчтүү үнү тынчтыкты бузду.

Авалбек: Балдар, балдар! Силер менин атамды көрдүңөрбү? Ал азыр эле баатырдыкты, эрктүүлүктү, жоокерликти көрсөттү. Көрдүңөрбү? Менин атам ошол! Силер эмне менин атамды көргөн жоксуңарбы? Анны пулемот менен атпадыбы? Ал өлбөдүбү?

2-көрүүчү (Акылай): - Жок, антип айтпа! Оозуңа таш.

3-көрүүчү (Даниель): - Ай эмнеси бул. Антип айтпа!

4-көрүүчү (Рамазан): - Эмнеси бар экен. Атасы согушта набыт болгону жалган бекен! Атасы болсо атасы да. Ал ошондой жоокер болгон да.

5-көрүүчү (Мухамедали): - Эй антип айтпа. Ал сенин атаң эмес. Ишенбесең тигине киночудан сура!

Авалбек: - Силер эмне көргөн жоксуңарбы? Ал гранатаны алып, мына минтип ыргытып, танканы жардырбадыбы? Анан минтип жыгылбадыбы! Анан минтип өлбөдүбү?

6-көрүүчү (Дастан): - Ой, бул артист турбайбы. Дал өзүндөй аткарбадыбы. Ой жоругуң түшкүр. Ай сен, балаңды алсаң боло. Кара, тургуз кургурду.

Апасы: - Тур, тура гой балам. Үйгө баралы. Ошол сенинатаң. Ошол жоокер сенин атаң. Дал өзү. Жүр балам, жүр.

Автор: Ошентип, Авалбек өз атасын кинодон көрдү.